# ЭМГЕК КЕЛИШИМИ

**№35 Ш.Сүйөркулов атындагы орто мектеби**

*Шайдан айылы* «1» 09 2022-ж

Келишим түзүүчүлөр:

**Биринчи тарап:** №35 Ш.Сүйөркулов атындагы орто мектебинин администрациясы (директор Парпиев Илязбек Кубанычбекович, профком Ажиматова Райхан Азимовна)

**Экинчи тарап:** химия предметинин мугалими Уметов Уланбек Мамашович

Паспорт № AN 4598145 төмөндөгүдөй келишимди түзөбүз.

**Келишимдин максаты:**

Алдыңкы, мыкты, тажрыйбалуу педагогикалык кадрлар менен мектеп жашындагы өспүрүмдөргө Кыргыз еспубликасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык, сапаттуу билим-тарбия берүү менен келечекте коомго өз салымын кошуучу күчтүү, билимдүү бүтүрүүчүлөрдү даярдоо.

Мугалимдер Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү», «Мугалимдин статусу жөнүндөгү» Мыйзамдарынын жана «Эмгек» Кодексинин негизинде иштөөнү камсыз кылуу.

**Келишимдин мөөнөтү:**

Бул эмгек келишими бир окуу жылдык мөөнөткө түзүлөт. (2022-жылдын 1-сентябрынан, 2023-жылдын 1-июлуна чейин).

**Тараптардын милдеттери:**

**Биринчи тарап милдеттенет:**

1. Мугалимдерге жумалык жүктөмү 9 сааттан кем эмес иш орду менен камсыз кылат.
2. Эмгек акыларын убагында мыйзамда көрсөтүлгөн тарифте төлөнүшүн көзөмөлдөйт.
3. Мугалимдер үчүн эс алууларды уюштурат.
4. Сабак өтүүгө болгон шарттарды түзөт.
5. Алдыңкы мугалимдерди сыйлоону уюштурат.
6. Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык мугалимдердин укугун коргойт.

**Экинчи тарап милдеттенет:**

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мамлекеттик символдорду билүүгө жана урматтоого.
2. Мугалимдин абийир кодексин милдеттүү түрдө аткаруу менен педагогтук этиканын ченемдерин сактоого.
3. Мектептин Уставынын талаптарын аткарууга жана урматтоого.
4. Окуучуларга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык билим-тарбия берүүгө.
5. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» жана «Мугалимдердин статусу жөнүндөгү» Мыйзамдарындагы талаптарды так аткарууга.
6. Кыргыз Республикасынын «Эмгек» Кодексинин негизинде эмгек тартибин сактоого.
7. Коомдук иштерге, дежур болууга, ар кандай сынактарга жана мектепте өткөрүлгөн иш чараларга активтүү катышууга.
8. Ата-энелер жана коомчулук менен жогорку деңгээлде иш алып барууга.
9. Окуучулар арасында өткөрүлгөн конкурс, олимпиада, ЖРТ жана башка иш чараларга окуучуларды мыкты денгээлде даярдоого жана ийгиликке жетишүүгө.
10. Көргөзмөлүү ачык сабактарды уюштурууга жана өткөрүүгө. (1 чейректе 1 сабактан кем эмес)
11. Окуу кабинеттеги эмеректерди жана башка мектептин мүлкүн сактоо үчүн көзөмөл жүргүзүүгө жана сапаттуу сактоону уюштурууга.
12. Өз билимин өркүндөтүү үстүндө үзгүлтүксүз иш алып барууга.
13. Мектеп ичинде, районго жана областка иш тажрыйбасын жайылтууга.
14. Медициналык кароодон өтүп, уруксат кагазы менен иштөөгө.
15. Өзүнөн жаштарга, кесиптештерге, окуучуларга карата күч жана моралдык зомбулук көрсөтүү усулдарын колдонбоого.

## Тараптардын укуктары

**Биринчи тарап укуктуу:**

1. Мугалимдердин сабак өтүү методикасы менен таанышуу жана методикалык жардам көрсөтүү максатында сабактарга катышуу.
2. Мугалимдердин билим деңгээлин текшерүү үчүн тест жүргүзүүгө.
3. Мугалимдерди мектептин кызыкчылыгы үчүн ар кандай коомдук иштерге дайындоого.
4. Мугалимдерге тиешелүү бардык документациясын көзөмөлдөө максатында текшерүүгө.

**Экинчи тарап укуктуу:**

1. Мугалимдер үчүн уюштурулган семинар, окуу курстары жана методикалык иш чараларга катышууга.
2. Алдыңкы педагогикалык иштери үчүн, коомдук иштерге активдүү катышкандыгы үчүн жана өзгөчө сиңирген эмгеги үчүн «Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы», орден, «Агартуу отиличниги» медалдар жана башка кызыктыруучу сыйлыктар менен сыйланууга.
3. «Эмгек» кодексинде көрсөтүлгөн тартипте, администрация уюштурган эс алууларда эс алууга.
4. Тажрыйба алмашуу максатында башка мугалимдердин сабактарына катышууга.
5. Кошумча курстарды ачып, окуучуларды окутууга. (Ата-энелер менен келишип, мыйзам чегинде акы төлөнүүчү курстарды ачууга).
6. Иштеген саатына жараша мыйзамда көрсөтүлгөн тарифке ылайык эмгек акы алууга.
7. Окуу-тарбия иштерин жакшыртуу боюнча сунуштарын, пикирлерин айтууга.
8. Мектептин башкаруу органдарынын мүчөлүгүнө жана жетекчиликке шайланууга жана шайлоого.
9. Өз аброюн жана кесиптик баркын коргоого.

## Эмгек келишимин токтотуу:

1. КР Эмгек кодексинин 81-беренесинин негизинде эмгек келишими анын мөөнөтү бүткөндөн кийин токтотулат.
2. Кызматкердин демилгеси .КР ЭКнин 82-беренеси менен эки тараптын макулдугу менен.
3. Кызматкерлердин медициналык кортундуга ылайык ден соолугуна байланыштуу учурда.
4. Аттестациянын натыйжасында тастыкталган квалификацияга жетпей калганда.
5. Кызматкерлер эмгек милдеттерин төмөнкүдөй бузса (КР ЭКнин 83-беренеси):
   - Ишке келбесе (жүйөлүү себептерсиз жумуш күнүнүн аралыгында 3 сааттан ашуун катары менен иште жок болсо)
   - Иште алкоголдук, баңги же ууландыруучу уулуу заттарга мас абалында келсе. (мындай абал күбөлөрдүн көрсөтмөсү же 3 адамдан кем эмес адам катышып түзүлгөн актынын негизинде)
   - Жамаатты бөлүндүрсө, ынтымакты кетирүүчү кадамдарга барса.
   - Мектептик, кызматтык, мамлекеттик жана башка сырларды ачыкка чыгарып жиберсе.
   - Тарбиялоо иш милдетине туура келбеген моралга жат иштерди жасаса жана туура эмес диний агымдарга үгүттөө жүргүзсө.
   - Атайын жалган маалыматтарды берсе.
   - Эмгек тартибин сактабаса жана эмгек келишиминде көрсөтүлгөн талаптарды аткарбаса.
   - Мугалимдик ишине кайдыгер мамиле жасап, 2 жолу эскертүү алса.
   - Берилген тапшырмаларды убагында, так аткара албаса.
6. Жогорудагыдай кырдаал аныкталса эмгек келишими мөөнөтүнөн мурда токтойт.

**Бул эмгек келишими 2 (эки) нускада түзүлүп, экөө тең бирдей юридикалык күчкө ээ.**
**Бул келишим 2022-жылдын 1-сентябрынан күчүнө кирип, 2023-жылдын 1-июлунда күчүн жоготот.**
**Эмгек келишимине эки тараптын макулдугу менен өзгөртүүлөрдү киргизүүгө болот.**

| | |
|---|---|
| **Биринчи тарап:** | **Экинчи тарап:** |
| №35 Ш.Сүйөркулов атындагы орто мектебинин директору | №35 Ш.Сүйөркулов атындагы орто мектебинин мугалими: |
| __________ И.К.Парпиев | __________ |

БЕКИТЕМИН
Мектеп директору
_________ И.К.Парпиев
«__3__» ___09___ 2022-ж

## №35 Ш.Суеркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2022-2023-окуу жылындагы ата-энелер комитетинин иш планы

| № | *Аткарылуучу жумуштар* | убактысы | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Ата-энелер чогулушун өткөрүү. Ата-энелер комитетин жана мүчөлөрүн шайлоо | Сентябрь айы | Администрация кл.жетекчилер ата-энелер комитети |
| 2 | Класстык ата-энелер чогулушун өткөрүү | Ар чейрек сайын | Кл.жетекчилер ата-энелер комитети |
| 3 | Окутуу процесинде окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун көзөмөлдөө | Ай сайын | Ата-энелер |
| 4 | Ата-энелер үчүн ачык эшик күнүн өткөрүү | Жума сайын | Предметтик мугалимдер кл.жетекчилер |
| 5 | Мектептин материалдык техникалык-базасын, имараттарынын шартын жакшыртууга колдоо көрсөтүү | Ар дайым | Ата-энелер комитети |
| 6 | Ата-энелердин жалпы чогулушу 2022-2023-окуу жылындагы окуу процесинин тарбия иштеринин жалпы жыйынтыгы. | Май айы | Администрация кл.жетекчилер |
| 7 | Мектеп администрациясы менен биргеликте «энелермектебин» уюштуруу | Жыл ичинде | Мектеп администрациясы ата-энелер комитети, кл.жетекчилер |

Ата-энелер комитетинин төрагасы:Абдразаков У.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин 2008- жылдын 11-авгусТь №495/1 буйругу менен бекитилген

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмунун ата-энелер комитети жөнүндө типтүү

# ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамынын 38-беренесине ылайык, жалпы билим берүү уюмунун ата-энелер комитетинин иш аракетин жөнгө салат, анткени ал тең башкаруу органы болуп эсептелет.

1.2.Ата-энелер комитети жөнүндө жобо жалпы мектептин ата-энелер чогулушунда кабыл алынып , бекитилет да, мектептин жалпы билим берүү боюнча директорунун буйругу менен ишке киргизилет.

1.3. Ата-энелер комитети (текст боюнча мындан ары "комитет" деп берилет) үч жылдык мөөнөткө ата-энелердин конференциясында шайланып, аны төрага башкарат. Ал комитет мектептин ата-энелер комитетине баш ийүү менен ата-энелер комитетинин конференциясында тактама (отчёт) берип турат. Комитеттин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү – 3 жыл(же комитеттин жылына үчтөн бири алмаштырып турат.

1.4. Анын иш аракетинин ыңгайлаштыруу (координациялоо) үчүн комитеттин курамына мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары кириши мүмкүн.

1.5. Комитеттин иш аракеттери Кыргыз Республикасынын "балдар жөнүндөгү" Кодексине, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген "Жалпы билим берүүчү уюм жөнүндөгү" типтүү жобого, "Жалпы билим берүүчү уюмдун Уставы" жана ушул жобого ылайык ишке ашырылат.

1.6. Комитеттин чечимдери жалпы билим берүүчү мепктептин жетекчилиги үчүн сунуш катарында кабыл алынат.

## I. Негизги милдеттери

## Ата-энелер комитетинин милдеттери.

2.1. Жалпы билим берүүчү мектептин жетекчисине:

-- мамлекеттик билим берүү уюмдарында балдар менен мектеп жашындагы өспүрүмдөрдүн милдеттүү түрдө жана акысыз жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим алуусуна;

-- мамлекеттик билим берүү уюмдарындагыдай эле мамлекеттик эмес жалпы билим берүү уюмдарында да Кыргыз Республикасынын ченемди – укук актыларына ылайык, окуучулардын окуу жүктөмү (нагрузкасы), сабактардын тартиби, үйдөн окуусуна жана дарылоо мекемелеринде окутууга;

-- жалпы мектептик иш чараларды уюштурууга жана аларды өткөрүүгө көмөк көрсөтөт

2.2. Жалпы билим берүүчү уюмдардын окуучуларынын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен аларды укуктары менен милдеттерин түшүндүрүү, үй-бүлөдө баланы тарбиялоо, ошондой эле жалпы билим берүүчү уюмдарды башкаруу процессине тартуу боюнча иштерди жүргүзүү болуп эсептелет.

3. Жалпы мектептик ата – энелер комитетинин функциялары

3.1. Окуу-тарбиялык процессти уюштуруу үчүн (окуу китептерин, көрсөтмө усулдук куралдарды сатып алууга, аларды даярдоого, окутуу жабдуулары менен камсыз кылууга ж.б.) оптималдуу шарттарды камсыз кылууга көмөк көрсөтөт.

3.2. Класстык ата-энелер комитеттердин иш аракеттерин координациялайт.

3.3. Окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) арасында окуучулардын ата-энелеринин жана окуучулардын укуктары менен милдеттери жөнүндө түшүндүрүү жана консультативдик иштерди өткөрөт.

3.4 Жалпы мектептин иш –чараларды өткөрүүгө көмөктөшөт, ошондой эле ата-энелер комитетинин билгилигине (компетенциясына) таандык жалпы мектептик ж.б. иштерди өткөрүү маселелери боюнча тең башкаруунун башка да органдары менен бирге өз ара иш алпарат.

3.5. Жалпы билим берүү уюмун жаңы окуу жылына карата даярдоо иштерине катышат.

3.6. Жалпы билим берүү уюмунун жетекчилиги менен бирдикте балдардын билим алууга болгон аракетин уюштурууну, окуучулардын тамактануусунун жана медициналык жактан тейленүүсүнүн сапатын уюштурууну көзөмөлдөйт.

3.7. Ата-энелердин жалпы мектептик чогулуш-жыйналыштарын өткөрүүдө жалпы билим берүү уюмунун жетекчилигине жардамдашат.

3.8. Өз дарегине, ошондой эле ушул жобо тарабынан комиттеттин билгилигине таандык Жобо тарабынан белгиленген маселелер боюнча түшкөн кайрылууларды жалпы билим берүү уюумунун жетекчисинин тапшыруусу боюнча карап чыгат.

3.9 Комитеттин билгилигине кирген маселелер боюнча жалпы билим берүү уюмунун чектелүү актыларын талкуулайт.

3.10. Билим берүү процессин жүзөгө ашыруунун жана санитардык-гигиеналык эрежелери менен нормаларын аткаруунун коопсуздук шарттарын уюштууруга катышат.

3.11. Мектеп шарттары менен мектеп турмушунун ыйңайларын пропагандалоо маселеси боюнча коомдук уюмдар менен өз ара аракеттенет.

3.12. Жашы жетелек окуучулардын арасында укук бузууларды, көзөмөлсүз жана кароосуз калгандардын алдын алуу маселеси боюнча жалпы билим берүү уюмдарынын педагогикалык жамааттары менен бирге өз ара иш алпарат.